# КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУП-ҮЙРӨТҮҮ БОЮНЧА УСУЛДУК СУНУШТАР

КББАнын Көп тилдүү жана көп маданияттуу билим берүү бөлүмү

2022-жылдын 18-августундагы вебинар

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУП-ҮЙРӨТҮҮ БОЮНЧА УСУЛДУК НУСКАМА

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринде кыргыз тилин эне тили катары окутуунун жана экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясын ишке ашыруунун жолдорун карайт

- концепциянын негизинде предметтик стандарттагы компетенттүүлүк мамилени калыптандыруу маселелерин карайт
- кыргыз тили мугалимдери үчүн предметтик стандарттын талаптарына ылайык иштөөдө усулдук ыкмаларды сунуштайт
- кыргыз тилин окутуп-үйрөтүүдөгү көйгөйлөргө көңүл буруп, аларды чечүү жолдорун көрсөтөт

# Усулдук нускаманын структурасы

**I.** КИРИШҮҮ БӨЛҮГҮ

1) **Улуттук баалоонун жыйынтыктарына анализ**
2) **Кыргыз тилин окутуудагы көйгөйлөр**
3) **Кыргыз тилин окутуп-үйрөтүүгө усулдук нускама каттын максаттары**
4) **Кыргыз тилин окутуп-үйрөтүүгө усулдук нускама каттын милдеттери**

**II.** КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭНЕ ТИЛИ, ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУП-ҮЙРӨТҮҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ

**III.** КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУП-ҮЙРӨТҮҮГӨ МАМИЛЕЛЕР

**IV.** КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭНЕ ТИЛИ КАТАРЫ, ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУНУН ЖАЛПЫЛЫКТАРЫ МЕНЕН АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ

**V.** КЫРГЫЗ ТИЛИН ТИЛДИК ЧӨЙРӨ ЖОК ШАРТТА ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

1) **Кыргыз тили мугалимдерине нускамалар**
2) **Текшерүүчү органдарга нускамалар**

# Улуттук баалоонун жыйынтыктарына анализ

“Кыргызстандын мектептик билим берүүсүндөгү баалоо системасы жөнүндө” Калдыбаев С.К.

“Окуучулардын жетишкендиктерин улуттук баалоонун жыйынтыктарын Кыргызстандагы билим берүүнү реформалоо үчүн колдонуу” Валькова И.П.

# Изилдөөлөр боюнча тыянактар

Текстти окуп түшүнүүдөгү көйгөйлөр → предметтерди өздөштүрүүгө терс таасирин тийгизет.

**Социалдык көйгөйлөр** (айлык акысы төмөн, эмгек шарты оор, кесиптик статусуна байланыштуу материалдык жана моралдык мотивациясы начар)

Окуу китептери жана программалары стандартка жооп бербейт.

**Тапшырмалардын деңгээли** (жаттоо, текстке жакындаштырып айтып берүү)

# Изилдөөлөр боюнча тыянактар

Маалымат булактары аз (үйдө китепканасы, интернет байланышы жок, китеп дүкөндөрү, балдардын окуу китептери, мектеп китепканасында керектүү адабияттар жетишсиз ж.б).

Мугалимдердин методикалык даярдыгы жакшы эмес. Методикалык адабияттардын жетишсиздиги.

Мектепке чейинки даярдык жеткиликтүү эмес.

Билим берүү ресурстары жетишсиз.

# Кыргыз тилин окутуудагы көйгөйлөр

Грамматикалык теория окутулат.

Коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандырылбайт.

ЖРТнын жыйынтыктарын талдап, көйгөйлөрдү жоюу пландаштырылбайт.

Стереотиптерди өзгөртүү зарыл

Функционалдуу грамматика керек

Тапшырмалар системалуу берилиши керек.

Текст менен иштөө кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталыш керек.

ЖРТнын тексттеринин көлөмү жана мазмундук, маанилик деңгээли В2 деңгээлинде, ал эми өзбек, тажик мектептеринде кыргыз тили В1 деңгээлинде окутуу каралган.

Функционалдуу грамматика сабактын лексикасы менен тыгыз байланышта окутулат

**Грамматика:** Атоочтук аныктоочтун милдетин аткарат

| **Кайсы? -ган мүчөсү менен** | **Кайсы? -уучу, -оочу мүчөсү менен** |
|---|---|
| сейрек кездешкен жаныбар | сейрек кездешүүчү жаныбар |
| үйлөнгөн / үй-бүлө кура турган жигит | үй-бүлө куруучу жигит |
| корголгон канаттуу | корголуучу канаттуу |
| чектелген аймак | чектелүүчү аймак |
| жашаган аймак | жашоочу аймак |

**2.** Текстти окугула. Текст боюнча 5–6 суроо түзгүлө.

**Сейрек кездешүүчү жаныбарлар**

Сейрек кездешүүчү жаныбарлар жер жүзүндө аз санда калган же чектелген гана аймактарда жашашат. Бул түздөн-түз адамдардын жашоо тиричилигине байланыштуу. Адамдар жаныбарлардын этин, терисин пайдаланышат. Жаңы жерлерди өздөштүрүү суур менен сары чычкан жашаган аймакты тарытып жиберди. Ошол себептен түлкү, күзөн ж. б. үчүн азык болгон кемирүүчүлөрдүн саны да азайды. Көлмөлөрдүн жээктериндеги чөптөрдү чабуу, мал жаюу ондатранын тоют базасын начарлатты.

Биздин өлкөбүзгө башка аймактардан айбанаттар алынып келген: ак коён, ондатра, тыйын чычкан, жанат сымал ит, америка суу күзөнү, зубр ж.б.

# Грамматикалык материал функционалдык негизде үйрөтүлөт

**Тема боюнча грамматика:** Сүйлөмдө байламталарды колдонуу

Байламталар сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырат.

| Сөз | Байламта | Сөз |
|---|---|---|
| атам | менен | апам |
| байкем | же | эжем |
| чоң апам | жана | чоң атам |

| Сүйлөм | Байламта | Сүйлөм |
|---|---|---|
| Атам жумушка кетти, | ал эми | апам үйдө калды. |
| Мен апамды сагындым, | анткени | апамды аябай жакшы көрөм. |
| Мага сабактарды өз алдынча даярдаган жагат, | себеби | ийгиликтериме атам-энем кубанат. |

**байламта + сүйлөм** **байламта + сүйлөм**

**Эгерде** апаларга аталар жардам бербесе, **анда** апалар чарчайт.

# Туташ эмес тексттер менен иштөө







Кыргызстандагы токойлордун ар бир түрү канча пайызды түзөт? Айтып бергиле.



## Кыргыз тилин окутуп-үйрөтүүгө усулдук нускаманын максаттары:

- Кыргыз тилин окутуп-үйрөтүүдө (эне тили катары, экинчи тил катары) мамилени так аныктап көрсөтүү;
- Окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн жана социалдашуусун өнүктүрүүнү (функционалдуулук) камсыз кылуунун ыкмаларын аныктап көрсөтүү;
- Окуучулардын маданий жана тилдик иденттүүлүгүн калыптандыруу жолдорун аныктоо.

## Кыргыз тилин окутуп-үйрөтүүгө усулдук нускаманын милдеттери:

- Кыргыз тилин эне тили, экинчи тил катары окутуп-үйрөтүүнүн милдеттерин аныктоо;
- Мугалимге кыргыз тилин тийиштүү аудиторияга ылайык окутуудагы мамилелерди аныктоого жардам көрсөтүү;
- Кыргыз тилин эне тили катары, экинчи тил катары окутуунун жалпылыктары менен айырмачылыктарын көрсөтүү;
- Кыргыз тилин тилдик чөйрө жок шартта окутуунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭНЕ ТИЛИ, ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУП-ҮЙРӨТҮҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ

**Кыргыз тили:**

- Коомдук-саясий чөйрөдө кыргыз тили – массалык маалымат каражаттарынын, эл алдында чыгып сүйлөөнүн тили.
- Укуктук жана расмий-иштиктүү чөйрөлөрдө кыргыз тили – иш кагаздарынын тили, мыйзамдардын тили.
- Социалдык-маданий чөйрөдөгү кыргыз тили – оозеки кеп
- Көркөм адабият жана искусство чөйрөсүнүн кыргыз тили – көркөм адабияттын тили.
- Кыргыз тили илимдин тили, окуу китептеринин, окуу колдонмолордун, сурап-билме адабияттын ж.б. тили.

Түрдүү стилдеги тексттердин түрлөрү менен иштөө зарыл.

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУП-ҮЙРӨТҮҮГӨ МАМИЛЕЛЕР

- Кепке багытталган активдүүлүк принциби
- Функционалдуулук принциби
- Кырдаалдык принцип
- Жекелик принциби
- Жаңылык принциби

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУП-ҮЙРӨТҮҮГӨ МАМИЛЕЛЕР

**Тил окутуп-үйрөтүүгө мамиле**

- Коммуникативдик -ишмердүүлүк
- Функционалдык-коммуникативдик

# ЖАЛПЫЛЫКТАРЫ ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ

Текстке борборлоштурул-ган

Текстке багытталган

# Текстке борборлоштурулган окутуу



# МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

- **Лексикалык** көндүмдөрүн калыптандыруу
- **Грамматикалык** көндүмдөрүн калыптандыруу
- **Угуп түшүнүү** көндүмдөрүн калыптандыруу
- **Окуп түшүнүү** көндүмдөрүн калыптандыруу
- **Сүйлөө** көндүмдөрүн калыптандыруу
- **Жазуу** көндүмдөрүн калыптандыруу: **баяндама, эссе (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү).**

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ТИЛДИК ЧӨЙРӨ ЖОК ШАРТТА ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

д

Эне тили кыргыз тил, кыргыз тилдүү класста окуйт. Тилдик чөйрөсү аралаш (кыргыз\орус).

Эне тили кыргыз тил, бирок орус тилдүү класста окуйт. Тилдик чөйрөсү негизинен кыргыз тилдүү чөйрө

Эне тили орус, өзбек, тажик, дунган, татар, ж.б. тилдерде, окутуу тили орус тилинде, Тилдик чөйрөсү аралаш (кыргыз\орус).

Эне тили орус, өзбек, тажик, дунган ж.б. тилдерде, окутуу тили – кыргыз тили.

- **Кыргыз тили мугалимдерине нускамалар**
- **Текшерүүчү органдарга нускамалар**